Жашоо бир келет

Сөзү, обону: Добранов Адилет

Жаштык кезге жан тартып, жүрөгүмдөн карып,

Көлөкөмдөн көрөм кээде күнөөмдүн баарын.

Көкөлөттүң көккө, бөпөлөтө багып,

Кыйшайганда түзөп, уу жыландай чагып.

Алга кадам таштагансып жаңы,

Ар бир адам терең ойлонуусу зарыл.

Таштаарында багыт, аркалаган бакыт,

Тап берсең кайра, кутурган иттей кабып.

Өмүр өтөт, кайрылып келбейт дагы,

Таяк, жөлөк сага боло алышпайт баары.

Жараланган жүрөк таппай келет түнөк,

Ар бир адам жутса өлбөс суусун, мүрөк.

Кайылмын баарына, кайдигер арыма,

Коркомун калыштан Кудайдын каарына.

Жүрөгүмө кек сактабайм, өкүнбөймүн,

Кудайыма шүгүр, берген үчүн өмүр.

Кайырма:

Жашоо бир келет, жаңылбай жашоо керек,

Жарык дүнүйө Кудайдан берген белек.

Жашоо бир келет, бул жашоо сыноо, элек,

Жарык дүнүйө Кудайдан берген белек.

Жашоо гана бир келет, ар бир күнүң белек,

Жашоого сен эмес, жашоо сага керек.

Тиле өмүр, ден соолук, аны Кудай берет,

Келечегиң болсо, эртеңки күн келет.

Алгач ирет Кудайдан тиле ыйман,

Азыр бул заманда кыйын болуу адам.

Жаса кадам, алдыга ташта максат,

Бекер отурбастан, аракет кыл, башта.

Жашоо такыр бөлөк, андан күтпө көмөк,

Жаратканым гана сага болот жөлөк.

Күйүмдүүлөр ата-энең, бир үй-бүлөң,

Алардан ал бата, сый-урматка бөлө.

Жүрөгүңдөн, күмөн санаба өзүңдөн,

Өткөнгө өкүнбө, ал дагы күн өтөр.

Алгач адам бол жөнөкөй, анан

Көкүрөктө калган эгер болсо ыйман.

Кайырма:

Өмүр деген — узун дайра,

Артты көздөй ал акпайт кайра.

Жаштыгың ал ошол дайра сымал,

Канчалык өкүнбө кайрылбайт ал.

Убакыт бул — учкан куштай,

Учурунда карма колго уучтай.

Тагдырга таарынба, ал кээде сынайт,

Ак ийилет, бирок такыр сынбайт.

Багыттайт жүрөгүң туура жолго,

Эң башкысы, сен аны жоготпо.

Адашпа жолуңдан, ыймаңдан,

Сак боло жүр андан айрылуудан.

Бул өмүрүңдө эч бирөөгө,

Эч качан эч сын тага көрбө.

Жаңылбаган эч бир адам

Болгон эмес, жаса алга кадам!

Кайырма: